6. Sagitdinova T.K. Value-sense approach to the professional development of a modern teacher // Vestnik of Samara University. History, Pedagogics, Philology. – 2023. – Vol. 29, № 4. – P. 114–121.
7. Kennedy A. Models of continuing professional development: A framework for analysis // Journal of In-Service Education. – 2005. – Vol. 31, № 2. – P. 235–250. DOI: 10.1080/13674580500200277.
8. Chaipidech P., Srisawasdi N., Kajornmanee T., Chaipah K. A personalized learning system-supported professional training model for teachers' TPACK development // Computers and Education: Artificial Intelligence. – 2022. – Vol. 3. – Article 100064. DOI: 10.1016/j.caeai.2022.100064.

Рецензент: доктор педагогических наук, профессор Асипова Н.А.

УДК 81:811.521
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-13-22

Дүйшонова Н.Т.
Ж. Баласагын атындагы КУУ
Дүйшонова Н.Т.
КНУ имени Ж.Баласагына
Duishonova N. T.
KNU Jusup Balasagyn

21-КЫЛЫМДЫН 4 КӨНДҮМҮНҮН ЖАПОН ТИЛИН ОКУТУУДА КОЛДОНУЛУШУ
ПРИМЕНЕНИЕ 4 НАВЫКОВ 21 ВЕКА В ПРЕПОДАВАНИИ ЯПОНСКОГО ЯЗЫКА
APPLYING 4 21ST CENTURY SKILLS TO TEACHING JAPANESE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада XXI кылымдын «4К» көндүмдөрү - сынчыл ой жүгүртүү, коммуникация, команда менен иштөө жана креативдүүлүк - жапон тилин окутуу процессинде колдонулушу каралат. Өзгөчө көңүл кыргыз студенттери үчүн татаал болгон жапон иероглифтерин өздөштүрүү маселесине бурулган, анткени кыргыз жазмасында иероглифтик система колдонулбайт. Изилдөөдө «теңтуш менен окуу» ыкмасы жана командалык иш-аракеттер колдонулган сабактардын тажрыйбасы баяндалат. Студенттер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун негизинде бул ыкманын иероглифтердин маанисин, окулушун жана жазылышын түшүнүүгө, ошондой эле окууга болгон кызыгуусун арттырууга тийгизген таасири талданган. Изилдөөнүн жыйынтыгында «4К» көндүмдөрүн жана «теңтуш менен окуу» ыкмасын колдонуу иероглифтерди аң-сезимдүү өздөштүрүүгө, жапон жазуусуна болгон кызыгууну өнүктүрүүгө жана студенттердин коммуникативдик, аналитикалык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн калыптандырууга көмөктөшөрү аныкталды.

Аннотация: В статье рассматривается применение навыков XXI века, известных как модель «4К» - критическое мышление, коммуникация, командная работа и креативность - в процессе обучения японскому языку. Особое внимание уделяется освоению иероглифов, которое представляет трудность для кыргызских студентов, поскольку в кыргызской письменности иероглифическая система не используется. В исследовании описан опыт проведения занятий по обучению иероглифам с применением метода «равного обучения» и элементов командной работы. На основе анкетирования студентов проанализировано влияние данного подхода на понимание значения, чтения и написания иероглифов, а также на мотивацию обучающихся. Сделан вывод о том, что использование навыков 4К и метода «равного обучения» способствует более осознанному усвоению иероглифов, развитию интереса к японской письменности и формированию у студентов коммуникативных, аналитических и творческих навыков.

Abstract: The article examines the application of the 21st century "4C" skills - critical thinking, communication, collaboration, and creativity - in teaching the Japanese language. Particular attention is paid

to the learning of Japanese kanji characters, which present difficulties for Kyrgyz students since hieroglyphic writing is not used in the Kyrgyz language system. The study describes lessons conducted using peer learning methods and collaborative activities in teaching kanji. Based on a student survey, the influence of this approach on understanding the meaning, reading, and writing of kanji, as well as on students' learning motivation, was analyzed. The study concludes that the integration of 4C skills and peer learning methods contributes to a more conscious acquisition of kanji, increases students' interest in Japanese writing, and promotes the development of communicative, analytical, and creative skills.

Негизги сөздөр: 4К; сынчыл ой жүгүртүү; коммуникация; команда менен иштөө; креативдүүлүк; ИКТ; теңтуш менен окуу.

Ключевые слова: 4К; критическое мышление; коммуникация; работа в команде; креативное творчество; взаимное обучение.

Keywords: 4C; critical thinking; communication; collaboration; creativity; ICT; peer learn.

Киришүү. Кыргыз Республикасында жапон тилин окутуу 1991-жылы эгемендүүлүк алгандан кийин башталып, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде (ошол учурдагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университети) окутулуп башталган. Жапон өлкөсү менен дипломатиялык, соода-сатык, экономикалык, ишкердик, маданий, туризм сыяктуу тармактарда карым-катнаш, алака түзүү менен эки өлкөнүн кызматташтыгы бекемделип келет. Ушундай тыгыз кызматташтыктын аркасында бүгүнкү күндө Жапон өлкөсүнө окууга, ишке орношууга, саякатка барып жаткан кыргызстандыктардын саны жылдан-жылга өсүүдө. Ошондой эле бүгүнкү күндө эки өлкөнүн ортосундагы кызматташтык келишимдердин негизинде ишкердик жана туризм жаатындагы байланыштар да өнүгүп жатат.

Ушул жагдайлардан улам жапон тилин өздөштүрүү маселеси актуалдуу болуп, Японияга окууга жана ишке барууну көздөгөн студенттерди даярдоого багытталган билим берүү системасын өркүндөтүү зарылдыгы келип чыгууда. Бул окуучулар менен студенттердин тез өзгөрүп жаткан санариптик коомдо ийгиликке жетиши үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү өнүктүрүү маселеси менен тыгыз байланыштуу.

Бүгүнкү күндө билим берүү тармагында XXI кылымдын «4К» көндүмдөрү өзгөчө мааниге ээ болууда. Алар: Critical thinking - сынчыл ой жүгүртүү; Communication - коммуникация; Collaboration - команда менен иштөө; Creativity - креативдүүлүк. Бул көндүмдөрдү Кыргыз Республикасында жапон тили окутулган окуу жайлардын окуу методикасына киргизүү жана аларды натыйжалуу өздөштүрүү актуалдуу маселе болуп саналат [1; 2; 3].

Жапон тилин терең өздөштүрүү жана келечекте ийгиликтүү ишке орношуу максатында аталган «4К» көндүмдөрүн жапон тилин окутуу процессине киргизүү зарыл. Айрыкча студенттер үчүн өздөштүрүүгө кыйынчылык жараткан негизги багыттардын бири - жапон тилинин жазуу системасы, тактап айтканда, иероглифтер болуп эсептелет.

Кыргызстан иероглиф колдонулбаган өлкө болгондуктан, жапон тилинин жазуусу – иероглиф, жапон тилин үйрөнүүчүлөр үчүн кыйынга турат. Симидзу эмгегинде мындай дейт: "Иероглифтин үч элементи бар: форма, окулушу жана мааниси. Иероглиф колдонбогон өлкөлөрдө жапон тилин үйрөнүп жаткандар үчүн "форманы" өздөштүрүү өзгөчө кыйын экени айтылат. Айрыкча, иероглифтин формасын өздөштүрүү, эстөө жана жазуу кыйынчылыгынан улам, окуп-үйрөнүү каалоосунун төмөндөшү сыяктуу маселелер көтөрүлөт [15].

Америка Кошмо Штаттары да иероглиф колдонулбаган өлкөлөрдүн катарына кирет. Изилдөөчү Дуглас өз эмгегинде чет тили катары жапон тилин үйрөнүүчүлөр үчүн иероглифтерди өздөштүрүү олуттуу кыйынчылыктарды жаратарын белгилейт. Анын айтымында, бул маселе Америкада жашаган, жапон тилин мурас тил катары үйрөнгөн жапон тектүү тил үйрөнүүчүлөр үчүн да актуалдуу болуп саналат. Мындай үйрөнүүчүлөрдө күнүмдүк турмушта сүйлөө жөндөмү менен окуу жана жазуу жөндөмүнүн ортосунда олуттуу айырмачылыктар байкалат. Сүйлөшүүдө колдонулган лексика жазууда

көбүнчө хирагана менен берилет, ал эми иероглифтер аз өлчөмдө гана колдонулат. Ошондой эле иероглифтерди окуу жана жазуу деңгээли ар бир тил үйрөнүүчүдө ар түрдүү экендиги белгиленет [21].

Янагита Франциядагы университеттердин биринде билим алган жапон тилин үйрөнүүчүлөрдүн иероглифтерди өздөштүрүүгө болгон мамилеси боюнча сурамжылоо жүргүзгөн [22]. Изилдөөнүн жыйынтыгында, окуу курсуна карабастан, студенттер үчүн иероглифтерди үйрөнүүдөгү эң чоң кыйынчылык алардын окулушу экендиги аныкталган. Чындыгында, кеңири колдонулган 1 945 иероглифтин 60%га жакыны он-ёми, башкача айтканда, кытай тилиндеги айтылышына негизделген жапон тилиндеги окуу ыкмасы, ошондой эле кун-ёми, башкача айтканда, иероглифтин маанисине ылайык жапон тилине гана тиешелүү сөздөр аркылуу окулуу ыкмасы менен колдонулат. Ушундан улам тил үйрөнүүчүлөр ар бир иероглифтин бир нече окулушун өздөштүрүүгө муктаж экендиги байкалат.

Эне тили жапон тили болбогон үйрөнүүчүлөр үчүн жапон жазуу системасынын татаалдыгы тилди өздөштүрүүдөгү негизги кыйынчылыктардын бири болуп саналат. Хонда жапон тилиндеги иероглифтердин орфографиялык татаалдыгын белгилеп, тил үйрөнүүчүлөр болжол менен 1000ден 2000ге чейин иероглифти өздөштүрүшү керек экенин айтат [23]. Анын айтымында, айрым иероглифтер өтө татаал формага ээ болуп, бир иероглифтин бир нече айтылышы жана мааниси болушу мүмкүн. Мындан тышкары, көп учурда иероглифтин формасы менен айтылышынын ортосунда түз байланыш же так эреже жок экендиги да жапон тилин үйрөнүүнү татаалдаштырат.

Иероглифтерди өздөштүрүүдө кызыгуунун да маанилүү экендигин изилдөөчү Фукуда белгилейт. Анын айтымында, жапон тилин үйрөнүүчүлөрдүн иероглифтерге болгон кызыгуусун арттыруу үчүн ар кандай маалыматтар берилиши керек. Алардын катарына иероглифтердин тарыхы жана кана алфавити менен болгон байланышы, иероглифтердин түзүлүшү боюнча жөнөкөй түшүндүрмөлөр, негизги жазуу тартиби, ошондой эле күнүмдүк жашоодо колдонулган иероглифтердин түрлөрү жана саны тууралуу маалыматтар кирет [24].

Мындан тышкары, Окитанын байкоолоруна ылайык, эне тилинде алфавит сыяктуу фонетикалык белгилерди колдонгон тил үйрөнүүчүлөр иероглифтин маанисин билсе да, анын окулушун билбеген учурда тынчсызданууда сезимине кабылышат [25]. Муну эске алганда, иероглиф колдонулбаган өлкөлөрдөн келген көптөгөн тил үйрөнүүчүлөр үчүн иероглифтердин окулушун түшүнүүгө болгон муктаждык күчтүү экендиги байкалат. Ушундай муктаждык жапон тилин жаңыдан үйрөнө баштаган үйрөнүүчүлөрдө да кездешет. Башталгыч деңгээлдеги тил үйрөнүүчүлөрдүн иероглифтерди үйрөнүүгө болгон муктаждыктарын изилдеген Мияхара жана Фудзимори да тил үйрөнүүчүлөр, өзгөчө, иероглифтердин окулушун жана маанисин түшүнүүгө кызыкдар экендигин аныкташкан [26].

Кано жана Йокосука жапон тилин үйрөнүүдө «hiragana → katakana → kanji» деп аталган жазуу системасын өздөштүрүү менен сүйлөм үлгүлөрүн, угуп түшүнүүнү жана сүйлөшүүнү өнүктүрүү үчүн зарыл болгон лексиканы үйрөнүү параллелдүү түрдө ишке ашарын белгилешет. Окуу деңгээли жогорулаган сайын окуп түшүнүү жана дил баян жазуу үчүн керектүү лексика да көбөйөт. Натыйжада иероглифтик лексиканын көлөмү тездик менен өсөт. Бирок буга карабастан, көпчүлүк учурда иероглифтерди өздөштүрүү студенттердин өз алдынча окуусуна калтырылат .

Ошондой эле Кано жана Йокосука иероглифтер кана алфавитине же алфавиттик белгилерге салыштырмалуу бир топ татаал формага ээ экенин белгилешет. Алардын айтымында, иероглифтер окулушу боюнча фонетикалык маалыматты гана эмес, семантикалык жана колдонулушуна байланыштуу маалыматтарды да камтыйт. Иероглиф сүйлөмдө өз алдынча сөз катары да, татаал сөздүн компоненти катары да колдонулушу мүмкүн. Иероглифтер маалыматка бай болгондуктан, иероглиф колдонбогон өлкөлөрдөн келген тил үйрөнүүчүлөр үчүн аларды өздөштүрүү кыйынчылык жаратат. Ошого карабастан, иероглифтердин жана иероглифтик сөздөрдүн саны өтө көп болгондуктан, окутуучулар үчүн алардын баарын үйрөтүү реалдуу эмес. Ошондуктан, окутуунун алгачкы этаптарын эске албаганда, иероглифтерди үйрөнүүнүн көпчүлүк бөлүгү студенттердин өз алдынча окуусуна калтырылат [27; 28].

Изилдөө методдору жана материалдар. Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн тыянактарынан кийин, студенттердин иероглифти жазып-окуп үйрөнүүсү жана аны мыкты өздөштүрүү үчүн 4 көндүм болгон: сынчыл ой жүгүртүү; коммуникация; команда (топ) менен иштөө (биргелешип иштөө); креативдүүлүк көндүмүн киргизүү менен “теңтуш менен окуу” (ピア学習) деп аталган метод өтө маанилүү роль ойнойт деген ойдобуз. Бул ыкмада студенттердин теңтуш катары диалог аркылуу бири-бири менен кызматташып, бири-биринин күчтүү жактарын пайдалануу аркылуу үйрөнүү ыкмасы болуп эсептелет. Бул ыкма жапон тили сабагынын өзгөчөлүгү болуп, окутуучу бир тараптуу гана окутуп тим болбостон, студенттер бири-бири менен пикир алмашып, окуу процессинде бири-бирине жардам беришет. “Теңтуш менен окуу” (ピア・ラーニング peer learn), “теңтуш менен жооп берүү” (ピア・レスポンス peer response), “теңтуш менен окуп-түшүнүү” (ピア・リーディング peer reading) ыкмалары менен иероглифтин формасын, окулушун жана маанисин терең өздөштүрө алышат.

Татеоканын пикири боюнча, “теңтуш менен окуу” ыкмасында окутуунун эки негизги максаты бар. Биринчиси - окуу жана жазуу сыяктуу тилдик көндүмдөрдү өркүндөтүүгө багытталган “окуу максаты”. Экинчиси - кеңири маанидеги окуу максаты, башкача айтканда, теңтуштар менен бирге билим алуу, өзүнүн ой жүгүртүүсүн кеңейтүү, өзүн таануу жана коомдук мамилелерди түзүү болуп саналат [13].

Жогоруда келтирилген изилдөөчүлөрдүн пикирлерине таянсак, жапон тилинин жазуу системасы болгон иероглифтерди өздөштүрүү тил үйрөнүүчүлөр үчүн белгилүү бир кыйынчылыктарды жаратат. Ушул себептен иероглифтерди үйрөтүүдө XXI кылымдын «4К» көндүмдөрүн киргизүү жана “теңтуш менен окуу” (**ピア・ラーニング**, peer learning) методун колдонуу аркылуу бул кыйынчылыктарды жеңилдетүү зарыл деп эсептелет.

XXI кылымдын «4К» көндүмдөрүн киргизүү менен “теңтуш менен окуу” (**ピア・ラーニング**, peer learning) методун колдонуу студенттердин психологиялык коопсуздугун жогорулатууга, алардын чыңалуусун жеңилдетүүгө жана активдүү баарлашууга даярдоого өбөлгө түзөт. Бул методду туура жана шайкеш колдонуу топтук иштердин натыйжалуулугун арттыра алат деп эсептейбиз.

Изилдөөнүн максаты - студенттер арасында калыптанып калган «иероглифтерди өздөштүрүү кыйын» деген түшүнүктү жоюу болуп саналат. Бул максатта сынчыл ой жүгүртүү, коммуникация, команда менен иштөө жана креативдүүлүк сыяктуу XXI кылымдын «4К» көндүмдөрү “теңтуш менен окуу” ыкмасы менен айкалыштырылып, сабак өтүү процессинде колдонулду.

Иероглифтерди окутууда студенттердин өздөштүрүүсүн жакшыртуу максатында XXI кылымдын «4К» көндүмдөрү киргизилип, “теңтуш менен окуу” методу колдонулду. Изилдөөнүн алкагында ар бири 80 мүнөттөн турган эки академиялык сабак өткөрүлдү.

Студенттерге иероглифти үйрөнүү кызыктуу экенин сезүүгө мүмкүндүк бере турган сабактарды өткөрүү үчүн, биз иероглифтин келип чыгышын түшүндүрүүнү жана иероглифти жөн эле жаттап ала турган нерсе деген түшүнүктөн алыстап, сабактарга командалык иш-аракеттерди киргизүүнү чечтик. Мына ушундай 4 көндүмдү “теңтуш менен окуу” (ピア・ラーニング peer learn) методикасы кандай таасир бергени тууралуу, командалык иш-аракеттерден иероглиф сабагы аркылуу кантип өзгөргөнүн; командалык иштөөдө эмнени сезишкени тууралуу студенттерден анкета сурамжылоо өткөрүлүп, командалык иш-аракеттеринин натыйжалуулугун карап чыгуу болду.

Университетте жапон тилин окуп жаткан баштапкы-ортоңку деңгээлдин 10 студентине “天気予報 Аба ырайы” деген темада академиялык 80 мүнөттөн эки жолу сабак өткөрүлүп, “日本語総合まとめ N3 漢字” аталган окуу китеби колдонулду.

Бул окуу китеби темага ылайык угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу төрт жөндөмүн көрсөтүүгө багытталып түзүлгөн окуу китеби болгондуктан, Япония өлкөсүнө барган учурда, күн сайын көчөдө көзгө урунуучу жана ошондой эле күнүмдүк турмушта колдонулган иероглифтерден турат.

Бул окуу китеби буга чейинки сабактарда да окутуучу тарабынан колдонулуп келген. Изилдөө учурунда ошол эле окуу китеби “теңтуш менен окуу” методу менен айкалыштырылып колдонулду.

Окуу китебиндеги материалдардын негизинде студенттер жаңы өтүлө турган иероглифтерди өздөштүрүү үчүн темага ылайык командалык иш-аракеттерге катышышты. Бул учурда окутуучунун негизги милдети студенттердин өз ара баарлашуусуна жана биргелешкен окуу процессине багыт берүү болду.

Иероглифтердин келип чыгышына кызыккан студенттер бири-биринен кошумча маалыматтарды сурап, талкуу жүргүзүштү.

Сабак аяктагандан кийин студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, анын жыйынтыгынын негизинде «4К» көндүмдөрүн колдонууда “теңтуш менен окуу” жана командалык иш-аракеттер студенттерге кандай артыкчылыктарды же кыйынчылыктарды жараткандыгы талданды.

Анкета-сурамжылоо төмөнкү суроолордун негизинде түзүлдү:

1	Иероглифтерди үйрөнүүдө “теңтуш менен окуу” ыкмасы аркылуу окууга катышып көрдүңүз беле?
2	“Теңтуш менен окуу” ыкмасы аркылуу иероглифтерди үйрөнүү алардын маанисин түшүнүүгө, жазылышын өздөштүрүүгө жана эстеп калууга жардам берди деп ойлойсузбу?
3	Теңтуш менен иероглиф үйрөнүп жатып, иероглифтин келип чыгышы жана кызыктуу өзгөчөлүгү тууралуу билдиңизби?
4	Иероглифти башкаларга да айтып берүүдө сиздин өзүңүздүн түшүнүгүңүздү тереңдетти деп ойлойсузбу?
5	Иероглифтин маанисине же келип чыгышына байланыштуу сиздин пикириңиз теңтуштан айырмаланган учурда кантип кырдаалдан чыктыңыз?
6	Теңтуш менен иштөөдө сиздин иероглиф үйрөнүүгө болгон мамилеңизге кандай таасир этти?
7	Теңтуш менен окууда эмнеси өзгөчө жакты?
8	Тескерисинче, теңтуш менен үйрөнүүдө кандайдыр бир көйгөйлөр болуп, аны жакшырткыңыз келген учур болдубу?
9	Теңтуш менен окуу аркылуу иероглифке болгон кызыгууңуз арттыбы?
10	Иероглиф үйрөнүүдө кандай кыйынчылыктарга туш болдуңуз? Аларды кантип чечтиңиз?
11	Теңтуш менен окууда кандай ыкмалар натыйжалуу болду?
12	Иероглиф үйрөнүү боюнча башка сунуштарыңыз же ойлоруңуз барбы?
13	Келечекте академиялык жөндөмдүүлүгүңүздү өркүндөтүү үчүн теңтуш менен окуунун кандай түрүн айта аласыз?
14	Иероглиф үйрөнүүдө теңтуш аркылуу ыкмаларды билдиңизби?
15	Теңтуш менен окууда иероглиф үйрөнүү ыкмаларын кайра карап чыгууга мүмкүнчүлүк бердиби?
16	Келечекте теңтуш менен үйрөнүү аркылуу окууну улантууну каалайсызбы?
17	Теңтуш менен окууну натыйжалуураак кылуу үчүн кандай идеяларды же жакшыртууларды сунуштай аласыз?

Анкета-сурамжылоонун натыйжалары:

Биринчиден 1-6 га чейинки суроолордун жообторун карап көрөлү:

1. Иероглифти үйрөнүүдө “теңтуш менен үйрөнүү, окууга катышып көрдүңүз беле?

Ооба	Жок
0	10

2. Теңтуш менен иероглиф үйрөнүүдө – маанисин түшүнүүгө, жазуу жана эстеп калууга жардам берди деп ойлойсузбу?

Жетишээрлик натыйжалуу болду	Өтө эффективдүү эмес	Толугу менен натыйжасыз
8	1	0

3.Теңтуш менен иероглиф үйрөнүп жатып, иероглифтин келип чыгышы жана кызыктуу өзгөчөлүгү тууралуу билдиңизби?

Ооба	Жок
8	2

4.Иероглифти башкаларга да айтып берүүдө сиздин өзүңүздүн түшүнүгүңүздү тереңдетти деп ойлойсузбу?

Абдан	Кандайдыр бир деңгээлде	Эч кандай
2	8	0

5.Иероглифтин маанисине же келип чыгышына байланыштуу сиздин пикириңиз теңтуштан айырмаланган учурда кантип кырдаалдан чыктыныз?

Google, ChatGPT колдондук; башкалардын оюн уктум; SNSтен карадым; сөздүктү колдондум .

6.Теңтуш менен иштөөдө сиздин иероглиф үйрөнүүгө болгон мамилеңизге кандай таасир этти?

Иероглифтин маанисин караганды жана жазганды талдоо жаттаганга жардам берди; түшүндүрүп берүү аркылуу, эстеп калуу жеңил болду; чогуу окуган көнүлдүү, жеңил болду; чогуу окуу аркылуу иероглифтерди үйрөнүүгө болгон кызыгуум артты; жаттоо ыкмаларын үйрөндүм. талкуулап, ассоциация табууга аракет жасайм.

Бул сурамжылоодо ушул убакытка чейин “теңтуш менен окуу” тажрыйбасы жок экендиги аныкталды. Жогорудагы 2ден 6га чейинки суроолор боюнча студенттер иероглифтин маанисин түшүнүүдө анын келип чыгышын жана кызыктуу өзгөчөлүктөрүн бири-бирине түшүндүрүп берүү аркылуу эстеп калуу жеңилдегенин, жазуусун өздөштүрүүгө жана түшүнүгүн тереңдетүүгө жардам бергенин билдиришти. Ошондой эле бул ыкма алардын түшүнүк деңгээлин жогорулатканын белгилешти. Ал эми иероглифтин мааниси же келип чыгышы боюнча пикир келишпестик жаралган учурда, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) каражаттарын, атап айтканда Google сыяктуу издөө системаларын, жасалма интеллектке негизделген ChatGPT платформасын, социалдык тармактарды жана электрондук сөздүктөрдү колдонуу аркылуу маселени чечишкенин билдиришти. Иероглифти жаттоо жана эстеп калуу кыйын болгондуктан, бири-бирине түшүндүрүп берүү жана чогуу окуу аркылуу иероглиф үйрөнүүгө кызыгуу пайда болгонун, эстеп калуу жеңилдегенин, чогуу окуу көңүлдүү экенин жана жаттоо ыкмаларын өздөштүрүшкөнүн айтышты.

Мындан улам, “теңтуш менен окуу” ыкмасы иероглифти эстеп калууга, түшүнүгүн тереңдетүүгө оң таасир бергендиги, ал эми мааниси жана жазуу тартиби боюнча кайчы пикирлер жаралган учурда МКТ жана ЖИ каражаттары аркылуу кырдаалдан чыгуу мүмкүн болгондугу айкындалды.

Ал эми 7ден10 го чейинки сурамжылоонун жоопторун карап чыгалы:

7. Теңтуш менен окуу ыкмасынын кайсы өзгөчөлүгү сизге көбүрөөк жакты?

Көнүлдүү болду; теңтуштар менен баарлашуу; жаттоо ыкмасы жана бири-бирибизге жардам берүү; теңтуш түшүнбөгөндү мен түшүндүрүп, мен түшүнбөгөндү мага түшүндүрүп берүүсү; өзүмдү эркин сезүүм; бири-бирибизди жакшы түшүндүк.

8. Тескерисинче, теңтуш менен үйрөнүүдө кандайдыр бир көйгөйлөр болуп, аны жакшырткыңыз келген учур болдубу?

Кызыктыруу үчүн жазуу көнүгүүлөрү; иероглифти билген деңгээл бирдей болушу керек; кызыгуу керек; маанисин туура которуу үчүн жеткиликтүү сөздүк болушу керек; жаттоо жана жазуу үчүн жакшы көнүгүүлөр керек; маселе болгон жок; иероглифти жакшы билгендер эле активдүү катышты.

9. Теңтуш менен окуу аркылуу иероглифке болгон кызыгууңуз арттыбы?

Абдан	Бир аз	Өзгөрүү жок

5	4	1

10. Иероглиф үйрөнүүдө кандай кыйынчылыктарга туш болдуңуз? Аларды кантип чечтиңиз?

Жазуусун кайра талдоо; эстеп калуу, жаттоо; окулушунун ар түрдүү болушу, көнүгүүлөрдү көп аткардык; жазуу тартиби; окулушу.

Жогорудагы 7–10-суроолор боюнча жүргүзүлгөн сурамжылоодо студенттер теңтуш менен окууда баарлашуу кызыктуу болгонун, өздөрүн эркин сезишкенин жана бири-бирине түшүндүрүп берүү аркылуу кызыгуулары артканын билдиришти. Ошондой эле жаттоо ыкмаларын бири-бири менен бөлүшүү, түшүнбөгөн жерлерин өз ара түшүндүрүү сабакты натыйжалуу кылганы белгиленди.

Ал эми “Кандай көйгөйлөр болду жана эмнени жакшырткыңыз келет?” деген суроого студенттер иероглифтин маанисин туура которуу үчүн жеткиликтүү сөздүк керектигин, жаттоо жана жазуу үчүн кызыктуу көнүгүүлөр көбүрөөк болушу зарылдыгын белгилешти. Ошондой эле иероглифти жакшы билген студенттер активдүү катышкандыктан, топтогу студенттердин билим деңгээли мүмкүн болушунча бирдей болгону жакшы экенин айтышты.

“Бул кырдаалдан кандай чыктыңар?” деген суроого студенттер жазуу ыкмасын кайра талдап чыгышканын, эстеп калуу үчүн тест түзүшкөнүн жана окулушунун ар түрдүү болушуна байланыштуу кошумча көнүгүүлөрдү аткарышканын билдиришти.

Демек, теңтуш менен окуу студенттердин өзүн эркин сезүүсүнө, бири-бирине түшүндүрүү аркылуу кызыгуусунун артышына жана иероглифтерди өздөштүрүүсүнө оң таасир берген. Ошол эле учурда бул ыкманын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн студенттердин активдүү катышуусу, кызыгуусу жана кызыктуу көнүгүүлөрдүн болушу маанилүү экендиги аныкталды.

Ал эми кийинки 11-17ге чейинки суроолордун жооптору төмөнкүдөй болду:

11. Теңтуш менен окууда кандай ыкмалар натыйжалуу болду?

Тест; окуу жана жазуу; бири-бирибиз менен билимибизди бөлүшүү жана түшүндүрүү; текстти бирге окуу, маанисин талдоо; сүрөттөрдү колдонуу; бири-бирибиз менен баарлашуу, тамашалашуу; текст окуу, андан кийин тест аткаруу.

12. Иероглиф үйрөнүү боюнча башка сунуштарыңыз же ойлоруңуз барбы?

Үйдө комнаталарга иероглиф жазылган кагаздарды чаптоо, жаттоо; сүрөт тартуу жана жазуу; көнүгүүлөр жана жазуу көнүгүүлөрдүн көбүрөөк болушу; сүрөттүү карточкалар менен иштөө; көбүрөөк китеп окуу жана билбеген иероглифтерди жазып окуу; карточка колдонуу менен оюн түрүндө группа менен окуу.

13. Келечекте академиялык жөндөмдүүлүгүңүздү өркүндөтүү үчүн теңтуш менен окуунун кандай түрүн айта аласыз?

Презентацияларды кеңири колдонуу жана түзүү; практикалык көнүгүүлөрдү аткаруу; тесттик тапшырмаларды колдонуу; сабак учурунда жапон тилинде активдүү сүйлөө; жапон студенттери менен биргеликте окуу; талкуу ыкмасын колдонуу.

14. Иероглиф үйрөнүүдө теңтуш аркылуу ыкмаларды билдиңизби?

Ооба	Жок
8	2

15. Теңтуш менен окууда иероглиф үйрөнүү ыкмаларын кайра карап чыгууга мүмкүнчүлүк бердиби?

Ооба	Жок
8	2

16. Келечекте теңтуш менен үйрөнүү аркылуу окууну улантууну каалайсызбы?

Ооба	Жок	Билбейм
8	0	2

17. Теңтуш менен окууну натыйжалуураак кылуу үчүн кандай идеяларды же жакшыртууларды сунуштай аласыз?

Каллиграфия; оюн, табышмак-тест; суроо-жооп түзүү, окуу; иероглифти ассоциация аркылуу картинка тартуу; иллюстрация жана жазуу, көнүгүү; карточка, жазуу көнүгүү; тест-оюндар.

Жогорудагы 11–17-суроолорго берилген жооптордо студенттер теңтуш менен окуу процессинде бири-бири менен билимин бөлүшүү, түшүндүрүү, текстти бирге окуп, анын маанисин талдоо, иероглифтин келип чыгышын сүрөт аркылуу өз алдынча тартып, ассоциация жолу менен эстеп калуу, бааралашуу, текст окугандан кийин тест аткаруу сыяктуу ыкмалар натыйжалуу болгонун белгилешкен.

Ал эми иероглиф үйрөнүү боюнча сунуштар катары үйдөгү бөлмөлөргө иероглиф жазылган кагаздарды чаптап жаттоо, сүрөт тартуу жана жазуу, окуу жана жазуу көнүгүүлөрүн көбөйтүү, сүрөттүү карточкаларды колдонуп, теңтуштар менен оюн түрүндө окуу, көбүрөөк китеп окуу жана билбеген иероглифтерди жазып үйрөнүү сунушталган.

Келечекте академиялык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү үчүн студенттер презентацияларды түзүү жана колдонуу, практикалык көнүгүүлөрдү жана тесттик тапшырмаларды аткаруу, ошондой эле жапон студенттеринин катышуусу менен талкуу ыкмасын колдонуу натыйжалуу болорун билдиришкен.

Студенттер иероглиф үйрөнүүдө теңтуш аркылуу жаңы ыкмаларды өздөштүргөнүн, иероглиф үйрөнүү ыкмаларын өзгөрткөнүн белгилешип, келечекте да теңтуш менен окуу аркылуу билим алууну улантууну каалашарын билдиришкен.

Теңтуш менен окууну натыйжалуураак кылуу үчүн каллиграфия сабагын уюштуруу, оюн, табышмак-тест, суроо-жооп түзүп окуу, иероглифти ассоциация аркылуу сүрөт тартуу менен өздөштүрүү, иллюстрацияларды колдонуп жазуу көнүгүүлөрүн аткаруу жана карточкалар аркылуу окуу сунушталган. Бул жооптор студенттердин мындан ары да теңтуш менен окуу процессин колдонууну колдой турганын көрсөтөт.

Корутунду. Иероглифти окуп, үйрөнүүдө 4 көндүмдү “теңтуш менен окуу” (ピア・ラーニング peer learn) процессин төмөнкүдөй кылып жыйынтыктай алабыз.

1) Сабактын жүрүшүндө:

1. Студенттер иероглифтин жазылышын, маанисин жана окулушун топтордо талкуулашат. Бул байланыш жана кызматташуу көндүмдөрүн калыптандырат.

2. Студенттер радикалдардагы жана формадагы айырмачылыктарды байкап, алардын эмне үчүн ар кандай мааниге ээ экенин топтордо талкуулашат. Бул сынчыл ой жүгүртүү көндүмү менен байланышат.

3. Студенттер өз алдынча кыска тест түзүп, жоопторун биргеликте талдашат. Бул байланыш жана кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрөт.

4. Жаңы иероглифтерди колдонуу менен кыска окуя жазып, бири-бирине окуп беришет. Бул чыгармачылык жана кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

5. Студенттер өздөрүнүн идеяларын чагылдырган кыска маек түзүп, ролдорго бөлүнүп аткарышат. Бул чыгармачылык жана кызматташуу көндүмдөрүн көрсөтөт.

2) Сабакта 4 көндүмдү колдонуудагы кырдаалдар:

1. Кызматташуу жана бааралашуу көндүмдөрүн ишке ашырууда студенттер планшет жана смартфон аркылуу иероглиф үйрөнүү тиркемелерин колдонуп, кол менен жазуу жана терүү көнүгүүлөрүн аткарышты. Ошондой эле өз жетишкендиктерин башка студенттер менен бөлүшүп, атаандашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

2. Чыгармачылык, бааралашуу жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүдө студенттер сүрөттөрдү жана иллюстрацияларды тартып, иероглифтин мааниси жөнүндө ой жүгүртүштү жана аны топтордо түшүндүрүштү.

3. Байланыш жана кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында студенттер өздөрү түзгөн маекти ролдук оюн аркылуу аткарышты.

Бул сабакта 4 көндүмдү “теңтуш менен окуу” (ピア・ラーニング peer learn) ыкмасы менен өтүп, студенттердин жапон тилин үйрөнүүдө пайда болгон иероглифти өздөштүрүү кыйын деген түшүнүктү алып салуу аракетин кылдык. Бул ыкманы колдонуу аркылуу студенттердин иероглиф үйрөнүүсү боюнча сурамжылоо анкетасы жүргүзүлүп, алардын жооптору талданып чыкты. Студенттердин иероглифти кабыл алуусу жана иероглиф үйрөнүү стратегиялары боюнча алынган жооптор бул метод иероглифтерди өздөштүрүүнү жеңилдеткенин жана окуу процессине оң өбөлгө түзгөнүн көрсөттү. Ошондой эле бул ыкма студенттердин иероглифтерди чыгармачылык менен үйрөнүүсүнө, сөздөрдүн түзүлүшүн изилдеп-талдоосуна жана өз алдынча ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүсүнө жардам берди.

Заманбап дүйнөдө бул көндүмдөр өзгөчө мааниге ээ болуп, негизги басым сынчыл ой жүгүртүү, баарлашуу, өз ара активдүүлүк жана ар кандай ишке чыгармачылык мамиле жасоо жөндөмдөрүнө бурулууда. Бул ыкмалар студенттердин билим алуусуна, ошондой эле келечекте ишке орношуусуна жана кесиптик ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүүсүнө өбөлгө түзөт деп ишенебиз.

21-кылымдын 4 көндүмүн колдонуу натыйжасында төмөнкү ийгиликтерге жетүүгө болот деген тыянакка келдик: биргелешип тил үйрөнүү аркылуу түшүнүүнү тереңдетүү; коомдук көндүмдөрдү жогорулатуу; мотивацияны арттыруу; студентке багытталган иш-аракеттерди жайылтуу; чыгармачылык ишмердүүлүккө (output) мүмкүнчүлүк түзүү; тилди реалдуу кырдаалда колдонуу чөйрөсүн калыптандыруу; кабыл алуунун (input) ар кандай түрлөрүн өздөштүрүү. Булардын баары студенттердин тилди практикалык жактан өздөштүрүү деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт. 21-кылымдын 4 көндүмү JF стандартынын тил жөндөмүн өнүктүрүү боюнча алкагын толуктап, тилдик көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн негизин түзөт [18, 19]. Ошондой эле сынчыл ой жүгүртүү, креативдүүлүк, команда менен иштөө жана коммуникация көндүмдөрүн өнүктүрүү максаты менен тыгыз байланышта. Бул жөн гана тилди колдонуу эмес, 21-кылымдын ар түрдүү жана татаал социалдык чөйрөсүнө ыңгайлашуу жөндөмүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Алдыда 21-кылымдын 4 көндүмүн жапон тилин окутуу мекемелеринде колдонуу маселеси турат. Маселени чечүү үчүн бул көндүмдөрдү окуу планына киргизүү, аларды аудиторияда натыйжалуу өнүктүрүү жана баалоо системасын ишке ашыруу зарыл. Буга жетишүү үчүн окутуучулардын педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу, билим берүүнүн мазмунун кайра карап чыгуу, баалоо методдорун жаңылоо, ыңгайлуу окуу чөйрөсүн түзүү жана эң негизгиси, окутуучулардын санариптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маанилүү экендигин белгилөөгө болот.

Колдонулган адабияттар

1. Российская академия народного хозяйства и государственной службы. Form and Evaluate. - URL: RANEPA (дата обращения: 12.05.2026).
2. Jalal-Abad News. 21-кылымда адамга керектүү көндүмдөр - 4К концепциясы. - URL: Jalal-Abad News (кайрылган күнү: 12.05.2026).
3. Gazeta.uz. 4K компетенции и современное образование. - URL: Gazeta.uz (дата обращения: 12.05.2026).
4. The Japan Foundation. Survey Report on Japanese-Language Education Abroad 2022: Kyrgyzstan. - URL: The Japan Foundation (accessed: 12.05.2026).
5. 文部科学省. - URL: MEXT Japan (閲覧日: 2026 年 5 月 12 日).
6. みんなの教育技術. - URL: みんなの教育技術 (閲覧日: 2026 年 5 月 12 日).
7. Dream Blossom Project. About 4C. - URL: Dream Blossom Project (accessed: 12.05.2026).
8. 久保田美子（2024）『日本語教師を目指す人のためのスモールステップで学ぶ教授法』スリーエーネットワーク.

9. 松本剛次（2019）「『新しい能力』の教育としての日本語教育における日本語教師研修 — 現状の分析と実践を通しての研修モデルの構築 —」早稲田大学大学院日本語教育研究科.
10.高島幸太（2024）『やりとり・発表の力を伸ばす日本語活動アイディア集』ASK.
11.石黒圭（2018）『どうすれば協働学習がうまくいくか — 失敗から学ぶピア・リーディング授業の科学 —』ココ出版.
12.池田玲子・舘岡洋子（2011）『ピア・ラーニング入門 — 創造的な学びのデザインのために —』ひつじ書房.
13.舘岡洋子（2005）『ひとりで読むことからピア・リーディングへ — 日本語学習者の読解過程と対話的協働学習 —』東海大学出版会.
14.文部科学省. - URL: MEXT PDF 資料 (閲覧日: 2026 年 5 月 12 日).
15.清水百合（1993）「初級漢字クラスの問題点 — 漢字圏学習者を中心に —」『筑波大学留学生教育センター日本語教育論集』8, 39–48.
16.佐々木仁子・松本紀子（2022）『日本語総合まとめ N3 漢字』ASK.
17.迫田久美子（2002）『日本語教育に生かす第 2 言語習得研究』アルク.
18.上原由美子（2019）「『JF 日本語教育スタンダード』とその活用」Hokkaido University Collection of Scholarly and Academic Papers : HUSCAP.
19.JAPAN FOUNDATION（2017）『JF 日本語教育スタンダード【新版】利用者のためのガイドブック』.
20.中島洋一（2023）『英語教師の授業デザイン力を高める 3 つの力 — 読解力・要約力・編集力 —』大修館書店.
21. Douglas, M. (2004). Learning and teaching kanji: For students from an alphabetic background. Sensei Online Forum, 40. Downloaded from http://listerv.utk.edu/cgi-bin/wa?A2=ind0401&L=nihongo&T=0&O=D&F=P&P=65. 2010 年 4 月 26 日参照.
22. 柳田しのぶ（2011）「非漢字圏日本語学習者における漢字学習への意識—フランスの大学生を対象に—」『JSL漢字学習研究会誌』3, 8-13.
23. 本田弘之(2020)「教えるための文字・語彙」遠藤織枝編著『新日本語教育を学ぶ□ なぜ、なにを、どう教えるか』pp.120-139.三修社.
24. 福田知行（2001）『漢字と日本語教育』東京：南雲堂.
25. 大北葉子（1995）「漢字学習ストラテジーと学生の漢字学習に対する信念」『世界の日本語教育』5，pp.105-124
26. 宮原温子・藤森景子(2020)「非漢字圏初級漢字学習者が漢字学習に求めるもの」『日本語教育方法研究会誌』26(2), 20-21.
27. 加納千恵子（1997）「非漢字圏学習者の漢字力と習得過程」『日本語教育論文集—小出詞子先生退職記念—」pp. 257—268，凡人社.
28. 横須賀柳子（1999）「語彙及び漢字学習ストラテジーの研究」宮崎里司・J. V. ネウストプニー編『日本語教育と日本語学習』pp. 97—116，くろしお出版.

Рецензент: ф.и.к., доцент Абдырасулова Ж.С.